Эгембердиева А.

“Айгине” маданий-изилдөө борборунун

## 60-ЖЫЛДАРДАГЫ КООМДУК-САЯСИЙ КОНТЕКСТ ЖАНА АЯЛДАР ПОЭЗИЯСЫ

XX кылым дүйнөлүк курч коомдук карама-каршылыктардын кылы-мы болду. Анын ичинде кыргыздар үчүн дагы тагдыр чечүүчү роль ойноду. 1916-жылы элдин орус падышачылыгынын аскерге эркектерди алуу боюнча буйругунан кийин наразылык кылып көтөрүлүүсү, падышачылыктын аскер-леринен качып түндүк кыргыздарынын Кытай жергесине баш калкалап барышы, ал жерден азап көрүшү, улут катары таптакыр жок болуп кетүү коркунучу, 1917-жылдагы Улуу Октябрь револю-циясы, Кытайдагы азган-тозгон кыргыздардын өз эл-жерине кайтып келиши, элдин эркиндик алып, 1923-жылы Эрктүү Кара кыргыз автономиялуу областы болуп Түркестан Республикасынын составынан бөлүнүп чыгышы, совет мезгилиндеги кат-сабатсыздыкты жоюу, колхоздоштуруу, тап күрөшү, 1937-жылдагы сталиндик репрессия, 1941-45-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш, өлкөнү кайра калыбына келтирүү, жеке адамга сыйынуучулук – мунун баарын эл жон териси менен сезди. Жердик ушул көйгөй, умтулуулардын акыры совет адамынын биринчи болуп космоско учушу сыяктуу бийик окуя менен жалгашты. Советтер Союзунун 15 республикасынын бири катары өлкөдө болуп жаткан албан ийгиликтерге кыргыз адамы дагы кайдыгер карамак эмес. Космоско учуш чыгармачыл адамдарды дагы, анын талапкерлерин дагы бир топ шыктандырды.

Дегеле, 60-жылдары кыргыз адабияты калыптанып, өзүнүн Ч.Айтматов сыяктуу өкүлү советтик аренада ат салышып, бир топ такшалып калды. XX кылымдын ойчулу Л.Н.Гумилевдун «пассионардуулук» илимий концепциясынан алганда, мутацияلануу аркылуу дүйнөлүк маданиятка салым кошо баштаган кыргыз адабияты кыртышында өзү жаралган этностун аз сандуу экендигин байкаткан жок. Биосферанын бирден-бир тилкеси катары этностун жаралуу, көтөрүлүү, алсыроо, өлүү тагдыры бар десек, Гумилевдун дал ошол концепциясындагы маданий көтөрүлүү фазасы кыргыз кыйырында алты-мышынчы-жетимишинчи жылдарга туура келди. Бул мезгил тилкесиндеги адабий муун, эң ириде, аракетчилдиги, изденүүчүлдүгү, натыйжада, тапкычтык-жаңычылдыгы менен кылымдын тарыхында калды. Көрө билүүсү сезим туйгулардан, турмуштук көрүнүш-төрдөн, күнүмдүк адам тирлигинен тартып космостук, ааламдык ой жүгүртүүлөргө өсүп жетип, батыштын батыштай, чыгыштын чыгыштай тажрыйба-сабагын өздөрүнө сиңирди, жаңычылдыкка умтулду.

Литва акыны Э.Межелайтистин 1959-жылы чыккан “У подножья звезд” ырлар жыйнагы менен “Адам” поэмасы, Ю.Марцинкявичюстун “Публицисти-калык поэмасы” (1961) такыр башка деңгээлди кабарлады. Алар колдонгон верлибр, ак ыр С.Эралиев, Р.Рыскулов, О.Султанов, М.Абылкасымова, С.Тур-гунбаев өңдүү кыргыз акындарынын чыгармачылык экспериментине айлан-ды. Алар жараткан чыгармалардын тегеретесинде кызуу талкуулар жүрдү. Мазмундук дагы, формалык дагы жактан алардын чыгармалары жаңылык алып келди. “1960-жылдын июнунан сентябрине чейин “Литература и жизнь” газетасынын беттеринде традициялуу образдар боюнча атайын пикир алмашуу жүргүзүлүп, талкууга катышкан окумуштуулар, жазуучулар традициялуу образдар (анын ичинде традициялуу көркөм сөз каражаттары да) адабияттагы улуттук форманын бир белгиси катарында көрүнө тургандыгын, бирок аны ыгы менен ордун таап пайдалануу зарыл экенигин белгилешкен. Талкуунун жыйынтыгын чыгарган Г.Ломидзе мындай деп жазат: “Традиция традицияга каршы. Бардык эле традициялуу нерсе кубаланууга тийиш эмес жана бардык эле жаңылык мактоого арзыбайт... Көптөгөн образдык элестетүүлөр улуттук турмушка тыгыз байланыштуу келип чыккан... Советтик адам, анын иши, анын жараткандары – мына биздин адабиятыбыздын аракет кылуучу башкы сферасы. Эгерде чыгармада ушул негизги нерсе бар болсо, анда жейрендер секирип, бүркүттөр айланып жүрө берсин” (4).

Адабияттагы интеллектуалдуулук боюнча маселе бүтүндөй союз боюнча көтөрүлдү. Советтик физик, илимий кызматкер В.Клименко: “Мышление меняется у всего человечества одновременно, а не по профессиям. Новые методы исследования, а следовательно, и новый характер мышления, является общечеловеческим достоянием” (5), - деген пикирин айтты. Лирикада болуп жаткан ой өзгөрүмү ушинтип физикти дагы кайдыгер калтырган жок жана ошол ой жүгүртүүлөрдүн алмашуусу өзү өкүлү болгон илимий чөйрөнүн дагы көрүнүшү экендигин билдирди. Э.Межелайтис болсо: “... для того, чтобы выжить, поэзия все усложняется, становится “умнее”, философичнее. Поэзия чувства, только чувства уступает место поэзии мысли. Ничего не поделаешь, такой век”, - деп “актанат” (6). Межелайтис белгилеген зарылдык, мыйзам ченемдүүлүк кыргыз адабиятындагы жогорку үлгүлөрдүн дагы жаралышын шарттады. Бул өңүттө адабиятчы О.Ибраимов: “Жаңы нерсенин, жаңы көрүнүштөрдүн элге алынып кетиши, окуучулар үчүн кадыресе көрүнүш болуп, аң-сезиминен турук алышы кандай оор, кандай түйшүктүү процесс. Калыбы, канткен менен адабиятта жаңычылык деген айрым бир авангардчыл жазуучулардын бөйрөктөн шыйрак чыгарганы, мода кууганы эмес, заман өзү мажбурлаган, ички эстетикалык зарылчылыктан диалек-тикалык түрдө агып чыккан кубулуш белем. Ошон үчүн адабияттагы жаңычыл көрүнүштөр (эгер алар чын эле ички эстетикалык зарылчылыктан келип чыкса) адегенде көзгө өөн учурап, айрымдардын кыжырына тийип, же тескерисинче болуп, акыр-аягында турмуштан өзүнө тийиштүү ордун табат, нормага айланат, бара-бара эч кимди таңгалтпаган, атүгүл таңгалгыдай деле эч нерсеси жок көнүмүш болуп калат. Буга мисал – биздин поэзиядагы С.Эралиев менен Р.Рыскуловдун ырлары (60-жылдар)” (3: 12-13-бб.), - дейт.

Алтымышынчы жылдары негизги темага айланган форма менен мазмун маселеси жалпы советтик алкакта ар түрдүү пикирлерди жараткан. Алардын кээ бири мазмундун, кээ бирлери форманын маанилүүлүгүнө баа берсе, бул экөөнүн шайкештигин туура көргөн андан дагы арбын пикирлер айтылган. Айталы: “Истинное произведение искусства, произведение слова – особенность, есть всегда изобретение по форме и открытие по содержанию (8. 353-б.)”, - деп Л.Леонов белгилесе, “В истинно прекрасном произведении искусства все должно зависеть от формы и ничего – от содержания, ибо только форма действует на всего человека в целом, содержание же – лишь на отдельные силы. Содержание, как бы ни было оно возвышенно и всеобъемлюще, всегда действует на дух огра-ничивающим образом, и истинной эстетической свободы можно ожидать лишь от формы” (8. 380-б.), - деген пикирин Ф.Шиллер илгери эле билдирген.

Ырасында эле, кайсыл адабияттын өкүлү болсо дагы, анын алгачкы аракети алгач өз адабиятынын салттуу тажрыйбасына байланыштуу болот. Акын кыздардын ичинен тынбай изденип, формалык жактан адабиятка жаңылык алып келүүгө батыл киришкен М.Абылкасымова болду. Анын изде-нүүлөрүнүн жыйынтыгы анын “Эстелик сүйлөйт” аттуу поэмасында айкын байкалды. Бул поэмага чейин жазылган башка ырларында акын эркин ырды тажрыйбалап көргөнү менен, аталган поэманын ийгилиги анын идеялык-көркөмдүк бөтөнчөлүгүндө болду. Анчейин узап кете элек Ата Мекендик согуштун каары 50-60-жылдардын чыгармачылыгында өзгөчө орун алып турган. Ал тургай, согуш майданында кан кечип жүргөн жоокер акындардын чыгармачылыгында согуш темасы 40-жылдарда эмес, кийин 60-жылдардан тартып кескин көбөйгөнүн А.Эркебаев белгилеген. Адабиятчы анын себебин: “... алар чыгармачылыктары адеп башталган жылдары согуш жөнүндө жазууга психологиялык жактан даяр болушканы менен, аны тиешелүү көркөм формаларда ишке ашырууга таж-рыйбасыздык кылышкан. Көп учурларда декларативдүүлүктөн, артыкбаш пате-тикадан кутула алышпаган. Ырларында душмандан өч алууга чакыруу мотивдери, эрдик жасагандарды үстүртөн даңктоо орун алган. А кийинчерээк “акыл азуулары” чыгып, поэтикалык маданияты жана тажрый-басы өскөн соң теманы философиялык жактан аңдап-билүү, майдандык турмуштун ар кайсы жактарын талдап көрсөтүү, көбүнчө нравалык катего-рияларды жетекчиликке алуу алдыга коюлган өңдүү. Поэтикалык мындай переориентацияга азыркы мезгилде тынчтык үчүн күрөшүүнүн пафосу да өз таасирин тийгизбей койгон жок. Тема баягысындай эле актуалдуу бойдон кала берди” (9. 38-б.), - деп түшүндүрөт жана ушундай шарттарда аталган темада жаралган татыктуу поэмалардын бири катары М.Абылкасымованын “Эстелик сүйлөйт” поэмасын белгилейт.
Поэма сюжети жок, лиро-эпикалык маанайда жазылган. Согушта окко учкан жоокердин кайрылуу-монологу катары анын майданда жүргөн кезиндеги жеңишти эңсегени, күткөнү баяндалат. Лирикалык кейипкер менен эстеликтин ортосундагы диалог-маек аркылуу окурман кан жыттанган согуш талаасын көз алдына элестетип, ажал менен бетме-бет кармашкан жоокерлердин кайратман эрдиктерине күбө болот. Бүгүнкү эстелик жоокер кечээги боз уландын өзүнүн туулган жериндеги согуш боло элек кездеги тынч, бакубат турмушун элестетет. Чыгармада эненин образы дагы бар. Мында түздөн-түз согуш учурун сүрөттөө эмес, тынч жана согуш мезгилдердин шартын

тымызын контрасттуу көрсөтүү, жүздөрүн ачып берүү максаты бар. Бул аркылуу адамзатты тынчтыкты сактоого чакыруу, колуна курал кармоо аракеттеринен оолак болууга үндөө, келечек күндөргө тынчсыздануу, өткөн эрдиктерди даңазалоо орун алган. Чыгарманын назик, катаал, миң кырдуу мүнөзү турмуштун өзүнүн дал ошондой ар тараптуу жактарынан кабар берет: “Далай жыл чыйыр түшөт эстеликке, Ырдалат эскермелер баатырды айтып Түбүндө эстеликтин Ыргалат жаз гүлдөрү Жеңиш үчүн жан бергендер Уулдары мекенимдин Даңк жалындайт изиңерде Карап көрчү, Жок, томсорбойт эстелик” (1. 103-104-бб.), - деген саптар чыгарманы жыйынтыктайт. Мындагы негизги маани - эрдиктин эч качан унутулбастыгы, керек, кымбат, алмаштыргыс нерсе - Мекен үчүн курман болуу эрдик экендиги, муундар бул эрдикти сыймык тутаары, алар дүйнөдөн эрте өтсө дагы жазындагы гүлдөрдүн жаны менен кайрадан тирүүлөргө кайтып келип тураары, өздөрүн эстетээри муңайым баяндалат. Эстелик жансыз болгону менен, анын ичинде бүтүндөй тагдыр, тарых камтылган. Көп сырды өзүндө кармаган эстеликтин сырын баамчыл жолоочу астейдил туят. Чыгарма өзүндө көп мазмунду, түрдүү ой-толгоолорду камтыйт. Поэма М.Абылкасымованын аталган темадагы өсүшүн белгилейт. Минтип жаткандыгыбыздын жөнү бар. Анткени акын адабиятка “Жеңишбек” аттуу алгачкы ыры менен 1952-жылы баш бакса, ал ырдын өзү дал ушул темага – Жеңиш күнүнө арналган. Демек, согуш жана тынчтык темасы - акындын башталган күнүнөн берки негизги толгонткон темаларынын бири. Буга поэмага чейинки дагы бир катар ырлары күбө.

Акындын граждандык ырлары-нын ичинен Мекен, Ата-Конуш темасы өзгөчө орунда. Чыккан айрым ыр китептери дагы дал ошол аталышты алып турат. “Ишеним дайым жүрөктө” (1968), “Ата Журт” (1973), “Сен билесиң, мекеним” (1973), “Ата Журт дайым көңүлдө” (1987) китептеринен тышкары, “Үшүк” (2001) аттуу эң кийинки жарык көргөн китебине чейин түздөн-түз Ата Журттун кубаныч-кайгысын, көйгөйүн чагылдырат. “Ишеним дайым жүрөктө” китеби, “Эстелик сүйлөйт”, “Сен билесиң мени, мекеним” аттуу поэмалары Бүткүл Союздук Ленин комсомолу сыйлыгына татыктуу болгон. “Быйыл жаздын гүлдөрү көп” китебинде алгач жарык көргөн “Сен билесиң мени, мекеним” поэмасы “Ишеним дайым жүрөктө” китебине толукталып кайра басылган: “Сен билесиң, мекеним, мени, Мен өмүрдү кандай жашадым, Кырк биринчи жылкы согушта Чолок болду кайра катарым. Бир сааттарда биз чабуулга жүгүрдүк, Бир сааттарда ой кучактап жатканбыз, Бир кезекте ачуулуу күлүп сүйлөштүк... Бирде эрдик, бирде кетип билбестик... Бир кезекте үйгө эсен кайтканбыз. Сынык бут бала алдына төшөлүп, Заказ кылып түгөйү жок батинке, Сынык колду катып жеңдин ичине, Бүгүн басам сороңдоп - көчөм мени таанybайт... Көчөмдү мен таанybайм... О тууган жер, билесиңби? Жер алдында кайгыларым, Алаксытууга болбос, бугум бар жүрөктө” (2: 53-54-бб.).

XX кылым баштан кечирген тарыхый окуялардын, кыргыз, совет элинин турмушунун күбөсү болгон лирикалык кейипкер кылымдын башындагы окуялардан тартып, 70 жылдык өмүрүндөгү көргөн-билгенин элекке салат. Алтымышынчы жыл-дардын бийиктигинен караганда, доор окуяларынын ар бирине ар кандайча баа берүүгө болот. Албетте, мунун өзү лирикалык кейипкердин оозу менен айтылып жаткан акындын кылым окуяларына карата көз карашы, мамилеси болуп саналат. Ата Журттун тагдырынан өз тагдырын бөлүп карабаган акын бул ойлорун кайрадан салттуу ыр түзүлүшүндө жазылган “Ата-Конуш” ыр түрмөгүндө астейдил берген: “Кайда болсом кабарыңды калтырбай, Сурап калса улутумду тартынбай, Кыргыз элин көп элдердин ичине Чачып ийсе, бир ууч гана алтындай,//Экендиги, аздыгына күбөдөй, Мен кусада, сагынычта жүрөм эй. Эс алууну эңсеп барган жерлерге, Өзүм түнөп, оюм жүрдү түнөбөй...//Оо, Ата-Журт, айланайын Ата-Журт, Аралашып жүрөт ичте ар жандар, Колдон тайып кетпесе экен биздин кут, Болбосо экен кызыл-кыргын майдандар...//Сен барыңан мен тирүүмүн, Ата-Журт, Сен жылытып, мен да сени жылытып. Доско-достой, коюн-кончту кең ачып, Душман менен туу талашып урушуп.//Күчүм менен акылымды алсаң да, Аз сыяктуу кылчактоом бар аркамда. Ийгилигиң түп көтөрө чогултуп, Кемтигиңдин кеми-карчын тартам да.//... Душманыма таштай катуу турамын, Чөгөлөбөйм, күнөө кылбайм эч кимге. Сен барыңан мен ошондой, Ата-Журт, Сен жок күнгө тирүү бойдон жеткирбе (7: 10-12-бб.).

Бул ырды талдап отуруунун, биздин оюбузча, кажети деле жок. Эрте-кийин Ата Журт жөнүндө чыккан саналуу жакшы ырлардын көч башында турган, биз келтирген үзүндүдөгү акыркы эки сап-кайсы гана атуулдун болбосун көкүрөгүндө кайталана турган саптар. М.Абылкасымовага тиешелүү поэтикалык “текеберлик”, “ийилгенге ийилгин, кеңкейгенге кеңкейгин” позициясы бул саптар жазылган алтымышынчы жылдар менен бүгүнкү доор аралыгында кылт этип кыйшайган жок. Өзү айткандай, мекенинин жалаң жакшы жактарын гана ырдап келе жатат. Өз кезегинде акын кыздардын падышасындай карааны өзгөчө бөлүнгөн Майрамкан Абылкасымова деген ысымдын аркасында Ата-Журттун тагдыры тургандай, “таманы

турган жер бейиш” болгон Эне-Акын тээ бийиктиктен алыскы горизонтторго көз кырын салып, жат душмандын чыпалагы тийгис кылып мекенин коргоп тургандай сезим болот.

Дегеле, М.Абылкасымова ада-биятка анын тынч, бейкут учурунда эмес, жандуу, күрдөөлдүү, демилгелүү, идеялуу, ынтызардуу учурунда келип кирди. Бул мезгилде, бир жагынан, адабиятка кадам койгондордун кадамы арбып, экинчи жагынан, бир кездеги улуу муундун өкүлдөрү өздөрүнүн “экинчи жаштыгын” жашап, алып-учуп, изденип-иштеп, жандары тыным албай турган. Адабиятта “союздук арена” деген түшүнүк орун алып, алардын алака-катышы М.Абылкасымова сыяктуу алдыңкы акындарды өзүнүн кучагына алып турган.

**Адабияттар:**


1. Абылкасымова М. Эстелик сүйлөйт. /Китепте: Быйыл жаздын гүлдөрү көп. – Ф.: Кыргызстан. 1965.
2. Абылкасымова М. Ишеним дайым жүрөктө. – Ф.: Мектеп, 1968.
3. Ибраимов О. Көз караш. – Ф.: Кыргызстан, 1985.
4. Ломидзе Г. Развивать новое коммунистическое. // Литература и жизнь, 1960, 21-сентябрь.
5. Литературная газета, 1963, 26 февраля.
6. Литературная газета, 1967, № 1.
7. Мекенимди ырдаймын. – Ф.: Кыргызстан, 1974, 10-12-бб.
8. Перекличка веков (составитель В.Г.Носков). – М.: Мысль, 1990. С.353.
9. Эркебаев А. Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы. – Ф.: Кыргызстан, 1980. - 38-б.